**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**АЛАМҮДҮН РАЙОНУ**
**АРАШАН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН**
**АРАШАНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

**Бириккен Арашан айылдык кеңешинин**
**I-чакырылышы**

**Таш-Дөбө а.** **28-август 2025 ж.**

# ТОКТОМ №51

## "Мамлекеттик лизинг компаниясы" ачык акционердик коому аркылуу лизинг менен атайын техникаларын сатып алуу жөнүндө

Арашан айыл аймагынын инфраструктурасын жакшыртуу, дыйкан чарбаларга көрсөтүүчү кызматтардын деңгээлин жогорулатуу жана айыл өкмөтүнө караштуу муниципалдык ишканаларды жаңы техника менен камсыздоо максатында, атайын техникаларды лизинг менен "Мамлекеттик лизинг компаниясы" аркылуу зарыл болгондугу жөнүндө айыл өкмөтүнүн башчысы Болгонбаев Самат Таалайбековичтин сунушун карап чыгып, талкуулап

**Арашан айылдык кеңеши**

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Финансалык ижара келишиминин (лизинг) негизинде "Мамлекеттик лизинг компаниясы" ачык акционердик коому аркылуу жалпы суммасы 326000 АКШ доллар 29340000 (Жыйырма тогуз миллион үч жүз кырк миң) сомдук, АКШ доллар менен алынган техниканын курсу прогноздук курс менен эсептелген (1$=90 сом) айыл чарба техника жана атайын техника жылдык 11 (он бир) пайыз менен, 5 жылдык мөөнөткө төмөнкү техникалар алынсын:

1.2. 1 (бир) даана "XGMA" маркасындагы экскаватор жалпы суммасы 118 500 доллар (118 500 x 90 = 10665000 сом).

1.3. 1 (бир) даана "Sinotruk Howo" маркасындагы таштанды ташуучу унаа жалпы 58 000 суммасы доллар (58 000 x 90 = 5220000 сом).

1.4. 1 (бир) даана "XGMA" маркасындагы жол түздөчү машина жалпы 80 000 суммасы доллар (80 000 x 90 = 7200000 сом).

1.5. 1 (бир) даана "XGMA" ...

1.6. 1 (бир) даана “FAW JK6 E2” маркасындагы оор жүк ташуучу (техника) унаа жалпы 37 500 суммасы доллар (37 500 х 90= 3375000 сом)

1. Лизингге алынган автоунаалардын бажы жагынан жол-жоболоштуруусу, каттоосу, автоунааларды лизингдин бүткүл мезгилине камсыздандыруусу жана лизингге алынган автотехникаларын өз эсебинен сатып алууга байланышкан башка чыгашалардын акча каражаты каралсын.

2. “Мамлекеттик лизинг компаниясы” ачык акционердик коому менен лизинг келишимине жана келишимден келип чыгуучу башка документтерге кол коюу укугу Арашан айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т. Болгонбаевге жүктөлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Арашан айылдык кеңешинин “Бюджет, инвестициялар, укук тартиби, муниципалдык менчик, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү боюнча” туруктуу комиссиясынын төрайымы Д.А.Макеевага жана Арашан айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т. Болгонбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Н.К. Калыков**